МИСтиктердин «жашыл чабыктары»

Кыргыз МИСинин үчүнчү бөлүмүнүн тоют даярдоочулары биринчи чабыктан 1200 тонна сенаж массасын салуулары тийиш. Азыр беде чабылып жатканда алардын маанайлары кубанычтуу болуп жатат. Бөлүмдүн башкаруучусу Б. С. Ивановдун сөзүнө караганда беденин түшүмдүүлүгү пландагыдан (гектарынан 120 центнерден) 30 центнерге жогору болууда. А. Ф. Мартенстин бригадасынын комбайнчылары чабыкты кылдат жана ишенимдүү жүргүзүп жатышат. Механизаторлор жана жыйноочу отряддын шоферлору ак ниеттүү иштеп жатышат. Бригадир фермага баарынан көп жашыл масса ташышкан шоферлор Евгений Петровдун жана Х. Кубалдиевдин эмгектерин бөтөнчө белгиледи.

Мен келген күнү чөп жыйналган талаага жер семирткич чачылды, жумшартуу жана малалоо иштери жүргүзүлдү. Улантып, беде уругун себүү үчүн массивде бардык зарыл агротехникалык иш чаралар өткөрүлдү. Айтмакчы бөлүмдүн эмгекчилери өткөн сезондо гектарынан 7,2 центнерден беде уругун алышкан. Бул республикада рекорддук көрсөткүч болуп эсептелет.

СҮРӨТТӨРДӨ: комбайнчы П. Ямкин жана шофер В. Гейн; жашыл масса жыйналуу менен жер семирткич чачылууда; комбайнчы Владимир Родионов.

М. ХАСАНОВдун фоторепортажы.